

2025-жылдын 13-май күнү БББТАТМ кафедрасынын доценттери М.Мадумарова, Ч.Гапаровалар ДЛ-1(22) тайпасы менен “Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү” деген темада мастер-класс өткөрүштү. Мастер-класс мектепке чейинки курактагы балдарда тыбыштык кабыл алуу жөндөмүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында уюштурулду. Негизги көңүл каткалаң жана жумшак үнсүз тыбыштар боюнча түшүнүк берүүгө, сөз курамындагы окшош тыбыштарды таап үйрөтүүгө жана фонематикалык талдоо жүргүзүү ыкмаларына бурулду. Тыбыштарды айырмалоодо практикалык мисалдар, визуалдуу моделдер жана дидактикалык материалдар студенттердин көңүлүн бурду. Айрым студенттер жандуу оюн элементтерин сунуштап, өз алдынча чыгармачылык көрсөтө алышты.